Ош мамлекеттик университетинин Физика-техника факультетинде «550200-физика» бакалавр квалификациялуу адистерди даярдоонун абалын аныктоо максатында (ички жана сырткы стейкхолдерлер) өз алдынча аттестациялоону уюштуруу үчүн жумушчу топтун №2 протоколунан

**көчүрмө**

2019 –жылдын 18-ноябры

**Катышкандар:** 19 (тизме тиркелет).

**Күн тартиби:**

1. Аккредитациялоого даярдыктын абалы: жумушчу топтордун 1 айда аткарылган иштеринин абалы

**Угулду:**

*З. Омаралиева:* 12-октябрда болуп өткөн жыйындын чечимине ылайык жумушчу топтордун аткаруучу негизги милдеттери менен кайрадан тааныштырды. НББПнын структурасы жана жаңылоо туралуу слайд-презентация жасады.

*Ж.Эгембердиев:* аткарылуучу иштердин ирээти боюнча "физика" адистигинин студенттерине сабак берген окутуучуларга анкета жүргүзүү, анализдөө иштерине жооптуу топтун атынан өз сөзүндө негизинен окутуучуларга жүргүзүлүүчү анкета НААРдын талабы боюнча бүткөндүгүн жана анкетирлөө жүргүзүлүп, анын анализи талкуулангандыгын билдирди (анализ тиркелди).

*М.Осконбаев:* анкета критерийлер боюнча такталып жатканын билдирип,"физика" адистигинде окутуулуучу негизги дисциплиналардын тизмегин, элективдүү курстардын зарылдыгына жараша физмат билим берүүгө багытталгандыгы боюнча да анализделиши керектигин кошумчалады.

*А.Жапаркулов:* студенттерден анкетирлөө жүргүзүү боюнча негизинен семестрдин аягында жүргүзүлсө туура болорун айтып, анкета түзүлүп бүтүп калганын, декабрь айынын 2-жарымынан 2-3-4-курстун студенттерине анкетирлөө жүргүзүлөөрүн билдирди.

*Э.Садыков:* эски анкета боюнча анализ жүргүзгөндүгүн белгиледи.

*А.Шералиева:* маалыматтык пакет боюнча НББПнын кыргызча варианты болсо сайтка жайгаштырып койсо иш бүтөөрүн билдирсе, топтун жетекчиси З.Омаралиева "физмат билим берүү" багыты боюнча жүргүзүлгөн негизги ишмердүүлүктүн баары өз убагында сайтка киргизилип турушу керектигин кошумчалады.

*П.Ташболотов:* физмат билим берүү багыты боюнча ПОКдын патенттеринин саны (41) бар жана алар толук талапка жооп берет деп маалымат берди. ОМК боюнча тактоо жүрүп жаткандыгын кошумчалады.

*М. Калбекова:* окуу китептери боюнча библиотекада окуу китептери негизинен жетиштүү экенин билдирип, электрондук окуулуктар такталып жатканын айтып өттү.

*Жыйындын төрайымы З. Омаралиева:* ар бир аткарылуучу иштерге анализ жасоо менен топтун курамы мындан ары да күчөтүлгөн режимде иш алып барып аткарылган жумуштардын жыйынтыгын тездетип тапшырылышы керектигин билдирди. Ар аптанын дүйшөмбүсүндө саат 15:30 да 209-аудиторияда анализ жүргүзүлүүсү керектигин белгиледи. Окуу жылдагы аккредитациялоого даярдыктар боюнча университеттик деңгээлде отчет тапшырылуусу керектигин кошумчалады. Отчетту 30-ноябрга чейин жыйынтыктоо зарылдыгын билдирип, ошону менен бирге эле ЭТФ кафедрасынын доценти Б.Каденова эч кандай маалымат бербегендигин жана жыйынга катышпагандыгын белгилеп өттү.

**Жыйын чечим кылат.**

1. Өз алдынча аттестациялоону уюштуруу үчүн түзүлгөн жумушчу топтун иш аракеттери күчөтүлүп, улантылсын.
2. НААРдын стандарттары боюнча бөлүнгөн жумушчу топ слайд-презентация формасында иш аракет жүргүзүлсүн.
3. Программисти дайындоо жана ОшМУнун сайтына ФМО(бакалавр) жана ФМО(магистр) папкаларына маалыматтарды жыйноо, ондоп-түзөө иш-чаралары жүргүзүлсүн.

Жыйындын төрайымы: З. Омаралиева

Катчы: Э. Сактанова